Бекитемин
Чаткал райондук
билим берүү бөлүмүнүн
башчысы
_____ М. Тынчтыков

Бекитилди
Чаткал райондук билим берүү бөлүмү
мектептин педагогикалык жана
камкордук кеңештин биргелешкен
чогулушунда
_____ А.Юсупалиева
«__» ______ 2022-жыл

**Мектептин өнүгүүсүнүн планы**

В.И.Ленин атындагы жатак - мектеби

**Мектептин миссиясы:**

В.И.Ленин атындагы жатак мектеби предметтерди терең үйрөтүүнү жана өз региондун өзгөчүлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат.

Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт, инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт. Ошону менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.

**Мектептин коп жылдык максаты: (2-5 жыл)**

1. Окутуунун жаны технологияларын окуу тарбия ишинде колдонуу менен билим сапатты 1% көтөрүү

2. Мугалимдердин кесиптик жактан тынымсыз өнүгүшүнө шарттарды түзүү.
3. Мектептин материалдык базасын чыңдоо
4. Окуучулардын кошумча билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.
5. Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин каада салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү.

**2022-2023- окуу жылы үчүн милдеттери:**

1. Жаны технологияларды колдонуу менен бардык сабактардан окуучулардын билим сапатын 2% жогорулатуу.
2. Мугалимдердин тажрыйбаларын райондук, областтык масштабда жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу.
3. Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин салттарын пайдаланып, тарбия берүүгө жетишүү.

4. Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу.
5. Мектептин материалдык базасын чыңдоо.

## Мектептин 5 жылдан кийинки абалы жана келечегин көрө билүүсү (өнүгүү прогнозу)

1. Азыркы учурда В.И.Ленин атындагы жатак- мектебинде 24- класс комплект класстары окуучуларга билим берет. 2022-2023-окуу жылдары В.И.Ленин атындагы жатак-мектеби класстарды ачууга, окуучулардын билим сапатын кыйла жогорулатууга, мындан сырткары жаштарга толук билим берүү мугалимдер тарабынан предметтик кружоктор толук шартта иштей баштайт. Мектептин материалдык базасы мындан да жогору чыңдалат, ар бир предмет электрондук окуу китептерине ээ болуп билим бериле баштайт.

2. Мектеп окуу-материалдык базаны чыңдоо үчүн
Демөөрчүлөр жана ата-энелер менен иш алып барат.
2022-2023- окуу жылында демөөрчүлөр тарабынан жардам көрсөтүлдү:
10-жылдык бутуруучулордон класстарга 7 телевизор
Ага Хан фондунун жардамы менен 4жатакана санузелдер менен камсыздандырылды.

40жылдык юбилей ээлеринин атынан мектептин алдына 25000сомдук брусчатка жаткырылды.

2022-2023-окуу жылына карата милдеттер :

1.Бардык сабактардан билим сапатын 2%га жогорулатуу.

2. Бардык сабактардан олимпиадага даярдап чыгаруу.

3. Метод бирикменин, метод кенештин иштерин жакшыртуу.

4. Өздүк билимди өркүндөтүү жана педагогикалык-психологиялык илимдин жетишкендиктерин практикада пайдаланууну киргизүү.

5. Окуучуларга сапаттуу жана жеткиликтуу билим беруну арттыруу.

6. Мугалимдин илимий-педагогикалык кругозорун кенейтүү.

7. Окуу - тарбиялоо процессинде мугалимдин жардамга болгон муктаждыгын диагностиканын негизинде реалдуу чечүү.

8. Жаш мугалимге жардам көрсөтүүнү уюштуруу.

9. Мектептин айланасын жаны темир торлор менен бекитүү.

10. Мектептин сыртын актоо.

11. Сырткы ажаткананы ондоо.

12. Өрт коопсуздугу боюнча мектептин огнетушителдерин толуктоо.

**2022-2023-окуу жылында В.И.Ленин атындагы жатак- мектебинде 2022-жылдан 2027-окуу жылга чейин 5 жылдык мектепти өнүктүрүү программасынын иш планы**

| № | Милдеттери | Иш чаралар | Көрсөткүчтөр (пландалган/күтүлгөн натыйжалар) | Каржылоо булагы | Билим берүү уюмунун жооптуу кызматкерлери же структуралары |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ишке ашыруунун 1- жылы 2022-2023-окуу жылы** | | | | | |
| 1 | -Билим сапатын 2%га жогорулатуу.<br>-Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын жогорку баллын 165, орточо баллын 114кө жогорулатуу.<br>-Артыкчылык күбөлүгүн 3<br>-Алтын тамга 1<br>-Предметтик олимпиадаларга даярдап чыгаруу. | 1.Стандарттык окуу планын мектептин инсанга багытталган билим берүүнүн максаттарына жооп бере тургандай, окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүү аркылуу окуучулардын билимге болгон керектөөлөрүнө шарт түзүү, негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмеси жана аларга жетишүү деңгээлин жогорулатуу үчүн “Энелер мектебин” жөнгө салуу.<br>2.Окуучуларды предметтик кружокторго катыштыруу жана атайын даярдалган тесттер менен даярдоо. | “Энелер мектеби” жөнгө салынып, окуучулардын билим сапаты жогорулап баштайт<br>Окуучулардын билимге болгон кызыгуусу артат. | Республикалык бюджет. | Мектеп жетекчилиги (ОББ, башкы тарбиячы), мугалимдер, класс жетекчилер, тарбиячылар |
| 2 | Билим берүү уюмунун ресурстук базасын жакшыртуу | Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана жетишсиз китептер менен камсыздоо<br>Мектепте мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик жактан тынымсыз өнүгүүсүнө шарт түзүү курстар, семинарлар, диспуттар, тренингдерге катыштыруу)<br>USAID дин “Окуу керемет” долбоорунун алкагында методикалык иш алып баруу | Мектептин материалдык-техникалык базасы жакшырат, мугалимдердин кесипкөйлүгү жогорулайт, окуучулардын билимге болгон кызыгуулары артат. | Республикалык бюджет. | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер, башталгыч класстардын мугалимдери, тарбиячылары |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Инновацияларды ишке киргизүү | Мугалимдерге, окуучуларга интернет булактарынан маалымат алуу үчүн интернетке туташтыруу, акылдуу доска алдыруу. | Мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик деңгээли жогорулайт. | Республикалык бюджет. | Мектеп жетекчилиги, мугалимдер |
| 4 | Тарбия берүү системасын өркүндөтүү | Окуучуларды ыймандуулукка тарбиялоо "Энелер мектебинин" таасирин күчөтүү | Окуучулардын инсандык өнүгүүсү реалдуу жашоодо байкалат | Жалпы коллектив | Организатор, мугалимдер жааматы |
| 5 | Социалдык өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү | Мектепке инвестиция тартуу, эффективдүү пайдалануу.<br>Окуучулардын табитине жараша рационалдуу, технологиясы менен тамактанууну уюштуруу. | Мектеп ар тараптуу өнүгөт;<br><br>Окуучулардын ден соолугуна кам көрүлөт | Демөөрчүлөр, ата-энелер | Мектеп жетекчилиги |
| **Ишке ашыруунун 2- жылы 2023-2024-окуу жылы** | | | | | |
| 1 | -Билим сапатын 2%га жогорулатуу.<br>-Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын жогорку баллын 170, орточо баллын 115кө жогорулатуу.<br>-Артыкчылык күбөлүгүн 4,<br>-Алтын тамга 1<br>-Предметтик олимпиадаларга даярдап чыгаруу. | Окуучулардын сабактагы ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү, таланттуу, шыктуу окуучуларга кошумча окутууга шарт түзүү, табигый илимдерге өзгөчө басым жасоо; ЖРТдан жогорку көрсөткүчкө жетишүү | Окуучулар өздөрү кызыгуу менен ийрим иштерине тартылышат, алган билимде-ри менен өлкөбүздүн экономикалык өнүгүшүнө салым кошушат;<br>ЖРТдан жогорку көрсөткүчкө жетишет | Республикалык бюджет. | ОББ, предметтик мугалимдер, тарбиячылар |
| 2 | Билим берүү уюмунун ресурстук базасын жакшыртуу | Мугалимдердин компьютердик сабатсыздыгын жоюу боюнча тынымсыз иш жүргүзүү, окуу китептери жана методикалык китептери менен камсыз кылуу.<br>Жаңы мектеп салдыруу үчүн аракеттерди жүргүзүү | Мугалимдердин компьютер менен иштөө жөндөмдүүлүктөрү жогорулайт | Республикалык бюджет, | Мектеп жетекчилиги, китепканачы |
| 3 | Инновацияларды ишке киргизүү | Электрондук журнал, электрондук күндөлүккө өткөрүү | Онлайн форматында окуучулардын баасы автоматташтырылып ата-эне | Республикалык бюджет, | Райондук билим берүү бөлүмү, мектеп жетекчилиги, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | менен тыгыз байланышта иш жүргүзүлөт | | Мугалимдер, ата-энелер |
| 4 | Тарбия берүү системасын өркүндөтүү | Мектепти жашылдандыруу боюнча окуучуларды эмгекке тарбиялоо | Эмгектенүү менен жаратылышка болгон кызыгуусу артат | Жергиликтүү бюджет | Башкы тарбиячы, табиячылар, класс жетекчилер |
| 5 | Социалдык өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү | Ата-энелердин жоопкерчилигин көтөрүү максатында мектепке тартуу, мугалим-окуучу- ата-эне кызматташтыгын күчөтүү | Ата-энелер жоопкерчиликтүү болуп мугалимдер менен биргеликте окуучуну ар тараптан өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүшөт | Демөөрчүлөр | Башкы тарбиячы, соц.педагог, класс жетекчилер, ата-энелер, тарбиячылар |
| **Ишке ашыруунун 3- жылы 2024-2025-окуу жылы** | | | | | |
| 1 | -Билим сапатын 2%га жогорулатуу.<br>-Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын жогорку баллын 175, орточо баллын 115кө жогорулатуу.<br>-Артыкчылык күбөлүгүн 4,<br>-Алтын тамга 1<br>-Предметтик олимпиадаларга даярдап чыгаруу. | Окуучулардын сабактагы ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү, таланттуу, шыктуу окуучуларга кошумча окутууга шарт түзүү | Окуучулардын билимге болгон кызыгуулары жогорулайт | Демөөрчүлөр | ОББ, мугалимдер жаамаы |
| 2 | Билим берүү уюмунун ресурстук базасын жакшыртуу | Жаңы мектеп, жатакана салдыруу үчүн аракеттерди жүргүзүү | Жаңы мектеп, жатакана салына баштайт | Мамлекеттик бюджет | Мектеп жетекчилиги |
| 3 | Инновацияларды ишке киргизүү | Алдыңкы тажрыйба мектебинин алкагында усулдук жардамдарды кеңейтүү жана системалуу иш жүргүзүү | Жаш мугалимдер тажрыйбалуу мугалимдерден сабак алышат | Республикалык бюджет | ОББ, мугалимдер |
| 4 | Тарбия берүү системасын өркүндөтүү | Окуучуларды ар кандай тарбиялык иш-чараларга катыштыруу | Окуучулардын көңүлдүү жашоосуна шарт түзүлөт | Демөөрчүлөр | Башкы тарбиячы, соц. педагог |
| 5 | Социалдык өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү | Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен иш алып барууну | Окуучулардын коомдук жайларда өзүн-өзү туура багытка алуусу жөндөлөт. | Республикалык бюджет | ИДН, Соц. педагог, башкы тарбиячы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | күчөтүү б.а. тарбиялык иш-чараларды, спорттук оюн-зоокторду өткөрүү | | | |
| **Ишке ашыруунун 4- жылы 2025-2026-окуу жылы** | | | | | |
| 1 | -Билим сапатын 2%га жогорулатуу.<br>-Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын жогорку баллын 175, орточо баллын 115кө жогорулатуу.<br>-Артыкчылык күбөлүгүн 4,<br>-Алтын тамга 1<br>-предметтик олимпиадаларга даярдап чыгаруу. | Олимпиадаларда алдыңкы орундарга жеткирүү | Окуучулардын билим деңгээли өсөт, олимпиадада алдыңкы орундарга ээ болушат | Республикалык бюджет, атайын каражаттар | ОББ. Мектеп жааматы |
| 2 | Билим берүү уюмунун ресурстук базасын жакшыртуу | Мектепте мугалимдердин кесиптик жактан тынымсыз өнүгүүсүнө шарт түзүү ( курстар, семинарлар, диспуттар, тренингдерге катыштыруу) | Мугалимдердин кесиптик деңгээли жогорулайт | Усулдук борбор | Рай БББ, мектеп жетекчилиги |
| 3 | Инновацияларды ишке киргизүү | Чыгармачыл мугалимдердин инновациялык иштеринин жыйынтыктарын презентациялоо | Мугалимдердин өз кесибине болгон кызыгуулары артат | Демөөрчүлөр | ОББ |
| 4 | Тарбия берүү системасын өркүндөтүү | Мектепте өзүн-өзү башкарууну күчөтүү | Окуучулар өз алдыларынча иш алып барууга көнүшөт | Демөөрчүлөр | Өзүн-өзү башкаруу уюмунун жетекчиси Башкы тарбиячы |
| 5 | Социалдык өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү | Окуучуларды туура кесипке багыттоо боюнча окуу жайлары менен өз ара келишимдерди түзүү | Окуучуларга туура кесип тандоого мүмкүнчүлүктөр түзүлөт | Демөөрчүлөр | Мектеп жетекчилиги |
| **Ишке ашыруунун 5- жылы 2026-2027-окуу жылы** | | | | | |
| 1 | -Билим сапатын 2%га жогорулатуу.<br>-Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын жогорку баллын 180, орточо баллын 115кө жогорулатуу. | Олимпиадаларда окуучуларды алдыңкы орундарга жеткирүү, “Алтын тамга”, “Алтын сертификатка” жеткирүү | Окуучулардын билим деңгээли өсөт, олимпиадада, жыл жыйынтыгында алдыңкы орундарга ээ болушат | Республикалык бюджет. | ОББ, мугалимдер жааматы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | -Артыкчылык күбөлүгүн 4,<br>-Алтын тамга 1<br>-Предметтик олимпиадаларга даярдап чыгаруу | | | | |
| 2 | Билим берүү уюмунун ресурстук базасын жакшыртуу | Жаңы мектепте ишмердүүлүктү жүргүзүү | Мугалимдердин кесиптик деңгээли жогорулайт, бардык шарттар түзүлөт | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет | Мугалимдер жааматы |
| 3 | Инновацияларды ишке киргизүү | Мектепти толугу менен заманбап технологиялары менен толуктоо | Мугалимдер жана окуучулар заманбап технологиялары менен камсыздалат | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет | Мектеп жетекчилиги, ОББ |
| 4 | Тарбия берүү системасын өркүндөтүү | Окуучулардын инсан болуп калыптануусуна мүмкүнчүлүк түзүү | Билимдүү, адептүү, тарбиялуу балдардын саны арбыйт | Демөөрчүлөр | Организатор, соц.педагог |
| 5 | Социалдык өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк  мамилелерди өнүктүрүү | Кабинеттик системага өткөрүү, жаңы кабинеттерди жасалгалоо иштерин жүргүзүү | Ар бир предметтик мугалимдердин жеке кабинети болот | Демөөрчүлөр | Мектеп жетекчилиги |